КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ИЧКИ ИШТЕР МИНИСТИРЛИГИ
ОШ ШААРДЫК ИЧКИ ИШТЕР
БАШКАРМАЛЫГЫ
ТЕРГӨӨ КЫЗМАТЫ
723510 Ош шаары Э.Алиев коч.№128 (тел.03222 5-64-29)

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
МИНИСТЕРСТВО ВНУТРЕННИХ ДЕЛ
УПРАВЛЕНИЕ ВНУТРЕННИХ ДЕЛ
ГОРОДА ОШ
СЛЕДСТВЕННАЯ СЛУЖБА
723510.г.Ош ул.Э.Алиева № 128. ( тел. 03222-5-64-29)

Чыг. № 32/3-6276
«12» 07 2021-ж.

вход. 1307 21
13 07 21

Ош шаардык АШКнын
төрагасы
**У. Аттокуровго**

Ош ШИИБнын Тергөө кызматы тарабынан Кыргыз Республикасынын Жазык Кодексинин 192-беренеси 2-бөлүмү менен (*шайлоочуларды сатып алуу*) **№03-041-2021-001302** сандуу сотко чейинки өндүрүш иши ачылып, тергөө амалдары жүргүзүлүүдө.

Тактап айтканда, 09.07.2021-жылы, Ош ШИИБнын ЭММКАКнын ӨМИ боюнча улук ыкчам өкүлү милициянын майору М.Рахманов билдирүү менен кайрылып анда, 2021-жылдын 9-июль күнү социалдык тармактарга жүргүзүлгөн мониторинг жана талдоолордун негизинде "Фейсбук" социалдык тармагында "Биздин Кыргызстан" партиясынан Ош шаардык кеңешинин депутаттыгына талапкер, [redacted] жолдошу [redacted], өзүнүн агитаторлорун Кең-Сай массивинде курулуп жаткан "Кыргыз текстил" ишканасына алып барып, ""Биздин Кыргызстан" партиясына добуштарды берсеңер, ушул жерге ишке киргизем"- деп үгүттөп, сый урмат көрсөтүп, добуштарын сатып алуу максатында аванс катары 1000 сомдон берип жүргөндүгү жөнүндө маалымат таркагандыгын билдирген.

Аталган маалымат боюнча топтолгон материалдар 2021-жылдын 10-июль күнү, саат 10:07 минутада Кыргыз Республикасынын ЖКнын 192-беренеси 1-бөлүмү менен кылмыштардын жана жоруктардын бирдиктүү реестрине **№03-041-2021-001302**саны менен катталып, сотко чейинки өндүрүш иши башталган.

Сотко чейинки өндүрүш боюнча, көрүлгөн тергөө-ыкчам иш чараларынын натыйжасында [redacted]-жылы туулган [redacted] тергөөгө камсыз болуп, алар өз көрсөтмөсүндө 2021-жылдын июнь айынын аяк чендеринде "Биздин Кыргызстан" партиясынан Ош шаардык кеңешинин депутаттыгына талапкер, [redacted] анын жолдошу [redacted] Ош шаарынын Дача участкасында иштеп жаткан "Кыргыз Унаа Курулуш" ишканасына андан кийин Ош шаарынын Кең-Сай массивинде курулуп жаткан "Кыргыз текстиль" ишканасына алып барышып,""Биздин Кыргызстан"

Сканировано с CamScanner

партиясына добуштарды берсеңер, ушул жерге ишке киргизем"-деп үгүттөгөндүгүн билдиришкен.

Ошондой эле шайлоочулардын сатып алууга багытталган фактысын аныктоо учурунда, Ош шаарынын Амир-Тимур кичи шаарчасынын [redacted] -көчөсүнүн тургуну [redacted] кошумча көрсөтмө берип, анда, "Биздин Кыргызстан" саясий партиясынан депутаттыкка талапкер Таджибаева Наргизахан аталган "Биздин Кыргызстан"саясий партиясына добуш берип коюу үчүн деп **4000 сом** акча берип кеткендигин" билдирген.

Аталган акча каражаттарын күбө өз ыктыяры менен тергөөгө тапшыргандыктан, буюм далил катары алынып, сотко чейинки ишке тиркелди.

Ыкчам-тергөө аракеттеринин жүрүшүндө, "Биздин Кыргызстан" саясий партиясынан Ош шарадык кеңешке талапкер [redacted] шайлоочуларды сатып алууга багытталган аракеттери күбөлөрдүн көрсөтмөлөрү менен, далил зат катарында алынган акча каражаттары менен, беттештирүү жүргүзүү жөнүндөгү тергөө аркеттери менен жана жыйналган материалдар менен толугу менен далилденген.

Жогорудагылардын негизинде "Биздин Кыргызстан" саясий партиясынын талапкери [redacted]- жылы Ош шаарында туулган, улуту өзбек, билими орто, үй бүлөлүү, сөзүнөн мурда соттолбогон, эч жерде иштебеген, Ош шаарынын Амир-темир киич шаарчасынын Массив-Калинин участкасынын №[redacted] үйүнүн тургуну [redacted] Кыргыз Республикасынын Жазык Кодексинин 192-беренеси 2-бөлүмү менен шектүү жөнүндө кабарлама берилди.

Ошондой эле, Ош ШИИБнын Тергөө кызматы тарабынан 2021-жылдын 11-июль Ош шаарынын жергиликтүү кеңешинин депуттарын шайлоого багытталган ыкчам иш чараларынын натыйжасында, Ош шаарынын аймагында "Биздин Кыргызстан" саясий партиясынын өкүлдөрү тарабынан шайлоочуларды сатып алууга багытталган аракеттери боюнча, башкача айтканда, Кыргыз Республикасынын Жазык коедксинин 192-бер. 1-б. каралган кылмыштын белгилери менен **03-041-2021-001263**, **03-041-2021-001265**, **03-041-2021-001279**, **03-091-2021-002464**, **03-041-2021-001195**, **03-041-2021-001315**, **03-041-2021-001313** сандуу сотко чейикни өндүрүш иштери ачылып, ар бир фактылар боюнча толлук жана ар тараптуу тергөө жана ыкчам иш чаралар жүргүзулүүдө.

Жогоруда белгиленген, Кыргыз Республикасынын ЖПКнин талаптарына ылайык аныкталган жагдайларды кабарлоо ирээтинде, Ош шаардык Аймактык шайлоо комиссиясынын ыйгарым укугунун алкагында КРнын мыйзамдарына ылайык кароо үчүн билдиребиз.

**Начальник орун басары**
**милициянын полковниги:** **А. Раимбердиев**

Сканировано с CamScanner